4. **Юдахин, К.К.** Киргизско-русский словарь [Текст] / К.К. Юдахин. – Москва, 1965. – 952 с.
5. **Зулпукаров, К.З.** Введение в китайско-киргизское языкознание [Текст] / К.З. Зулпукаров – Бишкек, 2016. – 768 с.
6. **Акматалиев, А.С.** Ата-бабалар табериги: кыргыздын адеп-ахлак, салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы [Текст] / [А.С. Акматалиев, Н. Сакиева, Ж. Асанова, А. Аттокурова ж.б.] – Бишкек, 2011. – 724 б.
7. **Койчуманов, Ж.Ы.** Кыргыз макал-лакаптары, учкул сөздөрү [Текст] / Ж.Ы. Койчуманов, Ы.К. Кадыров. – Бишкек, 2012. – 418 б.
8. **Исаков, Б.** Санат сөз [Текст] / Б. Исаков. – Бишкек, 2005.– 312 б.
9. **Дербишева, З.К.** Кыргызский этнос в зеркале языка [Текст]: моногр. / З.К. Дербишева. – Бишкек, 2012. – 404 с.
10. **Абдраева, А.Т.** Киргизские лингвоэтнокультурные запреты с точки зрения турецкой и английской ментальности [Текст] / А.Т. Абдраева, Д.Б. Мадаминова // Современные тенденции развития науки и технологий. – Белгород, 2018. – Часть I. – С. 6-11.
11. **Абдраева, А.Т.** Лингвоэтноментальные табу киргизского народа, связанные с питанием и животными [Текст] / А.Т. Абдраева, Д.Б. Мадаминова // Новые технологии в социально-гуманитарных науках и образовании: современное состояние, проблемы, перспективы развития. – Белгород, 2018. – Часть I. – С.11-18.
12. **Атакулова, М.А.** Эгоцентризм как категориальное значение лично-прономинальной парадигмы в языке [Текст] / М.А. Атакулова, К.З. Зулпукаров // Вестник Кыргызско-российского словянского университета. – Бишкек: КРСУ, 2018. – Том 18. – №2. – С. 30-35.
13. **Усарова, Г.О.** Кыргыз лексикасынын байышынын тышкы булактары [Текст] / Г.О. Усарова, Б.А.Байиева // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2014.- № 3.- С. 136-138.
14. **Хабибуллаева, Н.З.** Теоретические основы изучения лексико-семантического (ЛСП) и лексико-семантических групп (ЛСГ) Текст] / Н.З. Хабибуллаева // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2013.- № 1.- С. 9-11.

DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_88

Поступила в редакцию 14. 09. 2021 г.

**УДК 82/821.0**

***Абдраева А.Т.***
*к.ф.н., доцент Кыргызского госуд. универ. им. И. Арабаева, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ КООМДУК БААЛУУЛУКТАРГА БАГЫТТООЧУ ПАРЕМИЯЛАРДАГЫ КОГНИТЕМАЛАР

*Изилдөөнүн предмети катары кыргыз жана англис тилдериндеги социалдык баалуулуктарды, коом өкүлдөрүнүн жүрүм-турумун жөндөөчү, жалпы кабыл алынган нарк-насилдерди туюнтуучу афористикалык каражаттар тандалып алынды. Иштин максаты болуп коомдук дөөлөттөрдү, салттуу талаптарды жана эрежелерди муундан муунга, доордон доорго, элден элге үзгүлтүксүз өткөрүп берип турган кеп формулаларына когнитивдик-семантикалык анализ жүргүзүү саналат. Бул максатка жетиш үчүн лингвистикада кенен таркалган каттоо, системалаштыруу, салыштыруу, сыпаттоо жана аналогия методдору колдонулду. Коомдук жүрүм-турумду туура жолго багыттоочу паремиялардын жалпы түзүлүшү, түрлөрү, алардын курулуш бөтөнчөлүктөрү, коммуникациядагы орду жана кызматы типологиялык тил илиминин алкагында талдоого алынды, нравалык константалар жана туруктуу жалпы маанилер когнитема түшүнүгү аркылуу берилди, ар бир когнитеманын эки тилдеги репрезентативдери салыштырылып көрсөтүлдү, айрым учурда алардын эки тилдеги варианттары, конкреттүү репрезентативдери сыпаттоого алынды, этнос аралык провербиалдык маанилердин жалпы касиеттери белгиленди. Изилдөө тил теориясы жана методикасы үчүн зарыл натыйжаларга ээ. Мындагы материалдар өнүктүрүлүп, тилдеги императивдер тууралуу концепцияны иштеп чыгууга өбөлгө болот.*

***Негизги сөздөр:*** *лингвопаремиология; паремия; учкул сөз; императив; когнитема; коомдук баалуулуктар; нравалык эрежелер; константа.*

## КОГНИТЕМЫ В ПАРЕМИЯХ, ОРИЕНТИРУЮЩИЕ НА СОЦИАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОГО И АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКОВ

*В качестве предмета исследования были выбраны афористические средства кыргызского и английского языков, определяющие социальные ценности, регулирующие поведение людей в обществе, выражающие общепринятые нормы. Целью работы является проведение когнитивно-семантического анализа речевых формул, регулярно передающих общественные ценности, традиционные установки и правила из одного поколения в другое, из одной эпохи в другую, из одного народа в другой. Для достижения этой цели были использованы широко распространенные в лингвистике методы регистрации, систематизации, сравнения, описания и аналогии. В рамках типологической лингвистики проанализированы общая структура, виды паремий, их конструктивные особенности, место и функции в коммуникации, представлены нравственные константы и общие устойчивые значения паремий через понятие когнитемы, подвергнуты сопоставлению двуязычные репрезентативы каждой когнитемы, в отдельных случаях описаны их варианты, конкретные экспоненты в двух языках, установлены общие свойства межэтнических провербиальных значений. В исследовании получены результаты, необходимые для теории и методики языка. Развитие соответствующих идей и положений может быть предпосылкой для разработки концепции императивов в языке.*

***Ключевые слова:*** *лингвопаремиология; паремия; афоризм; императив; когнитема; социальные ценности; нравственные нормы; константа.*

## COGNITHEMES IN PAREMIAS, ORIENTING ON THE SOCIAL VALUES OF THE KYRGYZ AND ENGLISH LANGUAGES

*The aphoristic means of the Kyrgyz and English languages that define social values, regulate the behavior of people in society, and express generally accepted norms were chosen as the subject of the study. The objective of the work is to conduct a cognitive-semantic analysis of speech formulas that regularly transmit social values, traditional attitudes and rules from one generation to another, from one era to another, from one nation to another. To achieve this purpose were used the methods of registration, systematization, comparison, description and analogy, which widely spread in linguistics. Within the framework of typological linguistics were analyzed the general structure, types of paremias, their constructive features, place and functions in communication, through the concept of cognithems were presented moral constants and general stable values of paremias, were compared bilingual representations of each cognitheme, in some cases were described their variants, specific exponents in two languages, were established common properties of interethnic proverbial meanings. The study obtained the results, necessary for the theory and methodology of language. The development of relevant ideas and provisions can be a prerequisite for the development of the concept of imperatives in the language.*

***Keywords:*** *linguoparemiology; paremia; imperative; cognitheme; social values; moral norms; constanta.*

**Киришүү.** Изилдөө лингвопаремиологиянын чегинде жүргүзүлдү. Анын предмети катары жүрүм-турумду багыттоочу императивдер тандалып алынды. Теманын зарылдыгын императивдик түзүмдөгү кыргыз, англис тилдериндеги паремиялардын атайын изилденбегендиги шарттайт. Иштин максаты болуп коомдогу мамилелерди, жүрүм-турумдарды жөндөөчү эки тилдеги макал-лакаптарды салыштырып талдоо саналат. Коомдо императивдер туура мамилелерди, биримдикти, ынтымакчылыкты, өсүп-өнүгүүнү, таалим-тарбияны жөндөөчү баалуу кызмат аткарат. Алардын өзөгүн позитивдүү константалык маанилер түзөт. Императивдер буйрук түрүндө да, жай абалда да берилет [1].

Учурда ааламдашуу жараяны катуу кулач жаймакта. Адамзаттын көп түрдүүлүгүн түзгөн бардык этностордун дүйнө таанымындагы, маданиятындагы, психологиясындагы, тиричилигиндеги бөтөнчүлүктөр интенсивдүү, ырааттуу жоюлуп бара жатат. Ушул шартта түрдүү улуттардын окшош ойлоосун, бирдей баалоосун, бири-бирине карата жагымдуу мамиле кылуусун жөндөөчү макалдардын кызматы жогорулоодо.

Учурдагы социологияда, социалдык мнемологияда коомдук дөөлөттөрдү ири эки топко бөлүп жүрүшөт:

1) коомдун, социалдык топтордун, тайпалардын дөөлөттөрү: мекенчилдик, мыйзамчылдык, эркиндик, толеранттуулук, ынтымактуулук ж.б.;

2) инсанга мүнөздүү жекече дөөлөттөр: бактылуулук, боорукерлик, акылдуулук, эмгекчилдик, билимдүүлүк ж.б. (М. Рокич, Ш. Шварц, В.Н. Карандашев ж.б.) [1-4].

Аталган окумуштуулар иштеп чыккан коомдук, жеке инсандык дөөлөттөр жашоонун бардык тараптарын камтыйт. Баалуулуктардын тизмесин биз константа түрүндө берсек да болот. Биз ачыктаган константалык баалуулуктар ичинен когнитемаларды бөлүп чыгарат. Булар инварианттык маани түрүндө көрсөтүлүп, өз курамынан варианттарды, кичи маанилерди ажырата алат.

**Изилдөө материалдары жана методдору.** Иште паремиялардын константалык маанилери каралып, алардын конкреттүү репрезентативдери мүнөздөлөт. Константалык маанилерди инварианттар жана конгитемалар түрүндө берип, алардын ички варианттарын, вариацияларын салыштырып талдайбыз. Иште жалпылоо, сыпаттоо, аналогия, когнитивдик-семантикалык анализ методдору колдонулат.

Баалуулуктар – коом өкүлдөрүнүн аң-сезиминде калыптанып түптөлгөн, муундан муунга, доордон доорго, элден элге өтүп, туруктуу сапатка ээ болгон константалык түшүнүктөр. Бул дөөлөттөр көп түрдүү, татаал түзүлүштө, өз ара каршы-терши катышта болот. Алардын ичинен биздин темага жакындары – адамгерчилик, адилеттүүлүк, уяттуулук, руханий өсүш, мыйзам сыйлоочулук, мекенчилдик ж.б. сыяктуу социалдык-нравалык мазмундагы категориялар. Булардын ар бири өз ичинен кичи категорияларга бөлүнүп, коом өкүлдөрүнүн жүрүм-турумун ар тараптан, толук мүнөздөп, багыттап турат.

Бул категориялар провербиалдык мейкиндикте кенен объективдештирилген. Паремиялардагы алардын репрезентативдерин сыпаттап чыгуу чоң көлөмдөгү эмгекти талап кылат. Биз төмөндө айрым гана этнос аралык мүнөздөгү адамдын жүрүш-турушун тескеген учкул сөздөрдү кыргыз, англис мисалдарында салыштырып, талдап беребиз. Паремиялар өз ара маанилик жалпылыгына карап бириктирилет. Бул жалпылыкты когнитема түшүнүгү менен [5] туюнтабыз.

1. Когнитема – "Чоң иш шашпай/жайма-жай аткарылат", репрезентативдери: *Ийгиликтин эрте-кечи жок/Самаркан деле бир паста курулбаган* (говорлордо). – *Rome wasn't built in a day* "Рим деле тез курулбаган". Бул санат сөздөрдө жалпы мазмун бирдей. Алар маанилүү ишти ыкчамдатып, шашкалактап аткарууга, натыйжага бат жетүүгө умтулганда, бир иштин тез бүтпөй калуусуна өкүнгөндө айтылат. Элдик сөз угуучуну жубатат жана ишти сапаттуу бүтүрүүгө шыктандырат. Ошентип, аталган учкул сөздөр адамдын жүрүм-турумуна таасир этет. Субъекттердин аталыштары (*Рим/Самаркан*), натыйжанын аты *(ийгилик/курулуш)* түрдүүчө болгону мааниге ээ эмес.

2. Когнитема – "Илим оор, узак эмгекти талап кылат". Аны бир нече учкул сөздөр объективдештирет: *Илим ийне менен кудук казгандай* [6]. – *Илимде даңгыр жол жок*

(К.Маркс). – *There is no royal road to learning.* Бул афоризмдер семантикалык жактан мурунку топко жакын. Мында илим менен алектенүү көп убакытты, мээнетти, түйшүктү, акыл-ойдун сарпталышын талап кылуусу кыска, образдуу көрсөтүлөт. Бул ой туруктуу мүнөзгө өткөн пикир катары берилет.

3. Когнитема – “Себепсиз эч нерсе жок”: *Жел жүрбөсө, дарактын (чөптүн) башы кыймылдабайт/Отсуз түтүн жок/От бар жерде түтүн бар, суу бар жерде түшүм бар* [7]. – *There is no smoke without fire/Nothing is stolen without hands.* Макалдарда себеп катары жел, от, суу кубулуштары, алардын натыйжалары катары дарактын, чөптүн кыймылдашы, түтүндүн, түшүмдүн пайда болушу белгиленет. Албетте, учкул сөздөрдө табигый заттар тууралуу сөз айтылбайт. Аларда адамдын иш-аракетиндеги, жүрүм-турумундагы, максат-милдеттерге умтулуусундагы, жетишкендиктериндеги, коомдогу өзгөрүүлөрдөгү себеп-натыйжалар жөнүндө кыйыр маалымат берилет.

4. “Ар нерсе өз учурунда аткарылыш керек” когнитемасы тилдерде ар түрдүү материалдашат. Эки топ мисал келтирели: а) *Бүгүн бүтүрүүчү ишти эртеңкиге калтырба* [6]. – *Never put off till tomorrow what you can do today;* б) *Темирди кызуусунда сок/Темирди кызыганда сок/Темирди ысыганда сок, кепти кызуусунда сок/айт* [6]. – *Make hay while the sun shines/Strike while the iron is hot.* Көрүнүп тургандай, кыргызча учкул сөздө (б-3) аталган когнитема параллелдүү байламтасыз кошмок сүйлөмдөрдө да берилет. Мында объект катары темир жана кеп заттары колдонулган. Бирок санат сөз бул предметтерге тиешелүү эмес: аларда адамдын оңтойлуу мүмкүнчүлүктү, керектүү шартты өз учурунда пайдалануу зарылчылыгы көрсөтүлөт.

5. “Нерсени сыртына карап гана баалабайт” когнитемасына да бир нече паремия экспоненттик милдетте колдонулат: а) *Саргайгандын баары алтын эмес/Жалтырагандын баары эле алтын эмес/Башы тоголоктун баары адам эмес.* – *All is not gold that glitters* – лат. *Non omne quod nitat aurum est* [8]; б) *Адамды боюна/түсүнө/өңүнө/карап таанybaйт/Адамды кийиминен таанybaйт, ишинен таанyйт/Адамды сөзүнөн таанybaйт, ишинен таанyйт* [6]. – *You can't judge a man's character by his lacks.*

Бардык учкул сөздөрдө “сырт” түшүнүгүнүн номинанттары бар: *жылтырагандык/жылтырактык* (кыргызча, англисче), бою/түсү/өңү/кийими/сөзү (кыргызча), тышкы көрүнүшү, кемчилиги (англисче). Бирок бул аталыштар адамдын (объекттин) ички маани-маңызын билдире албайт. *Алтын* сөзү деле өз денотаты катары адамды (асыл зат адамды, келишимдүү инсанды) билдирет. Сөз мында чыныгы адам тууралуу жүрөт.

6. “Бардык нерсе өз кезегинде” когнитемасы эки топ мисалдарда репрезентацияланат: а) *Келме кезек / Келме кезек, терме тезек / Келме кезек, терме тезек, бүгүн көргөн эртең жок* [6]. – *Every dog has its day.* Бардык афоризмдерде оптимисттик нота бар. Алар оорчулуктун ордуна, ийгилик, жетишпестиктин ордуна молчулук, адилетсиздиктин ордуна адилеттүүлүк орношун, каалап тилегенде, же мындай позитивдик өзгөрүлүштү тастыктоо иретинде колдонулат; бул санат сөздөр адамдын жүрүм-турумуна таасирин тийгизип, ой-санаасын иретке келтирүүгө мүмкүнчүлүктөрдү түзө алат; б) *Ар нерсенин өз убактысы бар / Ар нерсе өз учурунда сонун / Ар нерсе өз тушунда кымбат /Ар нерсенин баасы өз учурунда кымбат / Ар нерсенин орду болоор* [6]. – *Every thing is good in its season.* Бардык афоризмдердин денотаты – жалпылоочу зат. Ал кыргызча белгисиз жалпылоочу прономинатив аркылуу (*ар нерсе*), англисче (*every thing*) жардамы менен туюнтулган. Ар

нерсе өз убагында сонун болуп калат. Учкул сөздөр түрдүүчө, бирок бир когнитемага баш иет.

7. "Алыңа жараша жашоо кечир" когнитемасы да кыргыз жана англис тилдеринде объектештирилет: *Төшөгүңө карап бут сун/Төшөгүңө карап аягыны соз/Төшөккө карап бутуңду сун/Жылкыңа карап ышкыр/Жылкыңа ченеп (карап) ышкыр, мурдуңа карап бышкыр/Жылкыңа ченеп ышкыр, алыңа ченеп бышкыр* [6]. – *Cut your coat according to your cloth/Stretch one's legs according to the coverlet/Put your hand further than your sleeve will reach* [8]. Бул паремиялар адресатты сарамжалдуулукка, токтоолукка чакырат, кирешесине, каражатына, алына ылайык жашоого үндөйт, мүмкүнчүлүгү, дарамети жетпеген чыгымдардан, аракеттерден карманууну биринчи планга коет. Адамдардын жүрүм-турумуна, жашоо образын өзгөртүүгө көмөкчү болот.

Ушундай жол менен 57 нравалык-этикалык дөөлөттөрдүн ички бөлүнүштөгү когнитемаларын ажыратып, алардын курамынан кичи варианттык когнитемаларды да жиктеп, сыпаттап чыгууга болот [2]. Мисалы, таалайлуулук, бактылуулук, баалуулугун алсак, анын семантикалык түзүмү татаал, бир элементи "Адам бактылуу болууга умтулат" деген константалык маани. Бул маани өз курамында келки когнитемаларга орун берет: 1) "Адамды эмгек бактылуу кылат": *Бакыт ачкычы – эмгекте; Бакыт эмгектен жаралат*. – *Diligence is the mother of good fortune*; 2) "Бактың өзүңө байланыштуу": *Бактысыздык өзүңдөн, багынбайт ага түшүнгөн*. – *If you want a thing well done, do it yourself*; 3) "Эрте турганды ийгилик жолдойт": *Эрте тургандын этеги толот; Эрте турган жигиттин ырысы артык; Эрте турган эркектин ырысы артык, эрте турган аялдын бакыты ачык; Эрте турган адамдын насибеси артык* (говорлордо); *Эрте турган сергек, ырыскыга теңдеш; Эрте турган аялдын бир жумушу артык; Эрте турган жигиттин бир ырыскысы артык; Эрте турган катындын (аялдын) бир иши (жумушу) артык* ж.б. [6]. – *The early bird catches the warm* "Ким эрте турса, аны ийгилик күтөт / Көп уктоо карызга батырат / Көп уктоо карыз менен тургузат". Инварианттык категориялык маани варианттарында гана жүзөгө ашып, конкреттүү мазмунга ээ болот [9-12].

Ошентип, ири мазмундагы эл аралык, улуттук, жеке адамдык дөөлөттөр провербиалдык мейкиндикте бир нече деңгээлде, аспектте жана өңүттө ички бөлүштүрүүгө учурап, алар ойтутумда когнитемалар, жалпылоочу, туруктуу пикирлер түрүндө жашагандыгын ырастоого жана сыпаттап көрсөтүүгө болот. Бардык макалдарда эрте таңда туруунун пайдалуулугу көрсөтүлөт. Аларда түрдүүчө аталыштар, сөздөр колдонулгандыгы менен адамдын эрте туруусу, жашоо үчүн керектүү жумушту аткаруусу аны бакытка, ийгиликке жеткирүүчү жол катары белгиленет. Булар адамдын оң жүрүм-турумун кыйыр түрдө мүнөздөйт.

## Жыйынтыктар:

1. Нравалык императивдик формулалар коомдогу мамилелерди, карым-катыштарды башкарып жөнгө салат. Андагы талаптар социумдун өкүлдөрү үчүн бирдей;
2. Келтирилген мисалдар кыргыздар менен англичандардын моралдык көз караштарында жалпылыктардын арбын экендигин тастыктайт;
3. Мындай багыттагы изилдөө педагогика үчүн, жаштарды максаттуулукка, адилеттүүлүккө, эмгекчилдикке, боорукерликке ж.б. асыл сапаттарды өздөштүрүүгө багыттоо үчүн керек. Ушундай моралдык дөөлөттөр түрдүү этностордун өкүлдөрүн бийик

нравалык деңгээлде кармап, коомду тазартат, өстүрөт, жаңы баскычтарга көтөрөт, бириктирет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Лисс, А.И.** Сопоставительный анализ пословичных фразеологизмов английского, русского и киргизского языков в научно-лингвистическом и методическом аспектах [Текст] / А.И. Лисс. – Ош, 1986. – 100 с.
2. **Карандашев, В.Н.** Методика Шварца для изучения ценностей личности: концепция и методическое руководство.- СПб, 2004. – 70 с.
3. **Зулпукаров, К.З.** Инвариантность в прономинальной и провербиальной парадигмах языка [Текст] / [К.З. Зулпукаров, М.А. Атакулова, А.А. Калмурзаева, Д.Т. Айылчиева, А.А. Жусупова]. – Бишкек, 2017. – 728 с.
4. **Зулпукаров, К.З.** Лингвистический антропоцентризм: проблемы, поиски и решения / [К.З. Зулпукаров, Е.Н. Мурадымова, Р.К. Ормокеева, Г.Ж. Болотакунова, С.М. Амиралиев]. – Бишкек, 2019. – 743 с.
5. **Иванова, Е.В.** Мир в английских и русских пословицах [Текст] / Е.В. Иванова. – СПб: С.-Петерб. ун-та, 2006. – 278 с.
6. **Ибрагимов, М.** Кыргыз макал-лакаптары, учкул сөздөрү [Текст] / М. Ибрагимов. – Кара-Балта, 2005. – 500 б.
7. **Койчуманов, Ж.Ы.** Кыргыз макал-лакаптары, учкул сөздөрү [Текст] / Ж.Ы. Койчуманов, Ы.К. Кадыров.–Бишкек, 2012.– 418 б.
8. **Самсалиев, А.** Английские пословицы, поговорки и крылатые выражения в переводе на русский и кыргызский языки [Текст] / А. Самсалиев. – Бишкек, 2003. – 108 с.
9. **Атакулова, М.А.** Эгоцентризм как категориальное значение лично-прономинальной парадигмы в языке [Текст] / М.А. Атакулова, К.З. Зулпукаров // Вестник Кыргызско-российского словянского университета. – 2018. – Том 18. – №2. – С. 30-35.
10. **Султаналиева, Н.Т.** Педагогический потенциал кыргызских пословиц ипоговорок [Текст] / Н.Т.Султаналиева, К.М.Капарова, Ж.А.Калдыбаева // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2013.- №1.- 17 с.
11. **Имашева, Г.А.** Значение крылатых слов и афоризмов в русской речи [Текст] / Г.А. Имашева, Н.С. Худайбергенова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2013.- №1.- 20 с.
12. **Бердибаева, Н.И.** Кыргызские и русские пословицы о воспитании личности [Текст] / Н.И. Бердибаева, Г.А.Имашева // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2013.- №1.- 21 с.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_94

Поступила в редакцию 14. 09. 2021 г.

**УДК: 371.3(82)**

***Имаралиева Ж. Р.***

*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# МАНАС ЭПОСУН ОКУТУУДА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЫНТЫМАКТУУЛУККА ЖАНА ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН ЖОЛДОРУ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети "Манас" эпосун окутууда окуучуларды ынтымактуулукка жана патриоттуулукка тарбиялоо жараяны болуп саналат. Изилдөөнүн максаты – "Манас" эпосун окутууга көңүл бурулушу, орто мектептин кыргыз адабияты предметинин курамында атайын «Манас» сабагын киргизүү, курсту окутуунун мааниси, максаты азыркы учурдагы көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдорун сунуштоо. Макаланы даярдоодо изилдөөнүн талдоо жана илимий жалпылоо, салыштыруу жана баалоо ыкмалары колдонулду. Аталган курсту окутуунун теориялык-методологиялык базасы түзүлүп, методикалык системасы практикалык багытта изилденип жатканы менен конкреттүү багытта – мектепте окутуу технологиялары, тилекке каршы, ыраатуу изилдөөгө алынган эместиги, анын башкы себептери жана карама-каршылыктары көрсөтүлдү. Ошондой эле, улуу эпосубуздун дүйнөлүк адабияттагы*